**Ж.Саадаев атындагы толук эмес орто мектеби**

**2020-2021 окуу жылынын I-чейрегинин жыйынтыгына анализ.**

**Мектептин алдыга койгон максаты: "Окуучулар менен жекече иштөөнүн негизинде билим сапатын жогорулатуу жана адептүүлүккө тарбиялоо".** Бул максаттын үстүндө 5-жыл иш жүргүзүлүп жатат. Быйылкы окуу жылында бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгү милдеттер алдыга коюлган.

-Пед.кадрлардын методикалык чеберчилигин өстүрүү

-Усулдук бирикмелердин ишмердүүлүгүн колго алуу.

-Предметтер боюнча окуучулардын билим сапатын бекемдөө.

-Окуу техникалык базаны чыңдоо.

Бул максат милдеттерди ишке ашырууда учурда 11 мугалим ишмердүүлүк жүргүзүп жатат. Администрация курамында -1, Усулдук бирикме жетекчилеринин саны -3. Быйылкы окуу жылында жаңы келген жаш кадрлардын саны-1. Насаатчы мугалим бекитилген.

Пед. кадрлардын сапаттык курамына токтолсок:

| № Мугалимдердин саны | Билими | | | Пед.стажы. | | | | Жаш курагы | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | жогорку | Бүтпөгөн жогорку | Атайын орто | 5 жылга чейин | 5-10 жылга чей. | 10-15 жылга чей. | 15 жылдан көп | 30 жашка чейинки | 30-50 жаш | 50-60 жаш |
| 11 алардын ичинде 1 көмөкчү мугалим | 10 | - | 1 | 1 | 2 | 2 | 6 | 1 | 5 | 5 |

Билим берүү 2 баскычта уюштурулуп келет. 2020-2021 -окуу жылы ОПП-1 эсебинин негизинде мектеп 9 класс комплект, 72 окуучу менен окуу-тарбия ишмердүүлүгүн баштаган. Алардын ичинде кыздардын саны 35, эркек балдар 37. 1- чейрек ичи башка мектептерге кеткен, башка мектептерден келген окуучулар болгон жок. 1-чейрек 72 окуучу менен аякталды.

Жаны 2020-2021- окуу жылынын башталышы менен 30-августа №1 педагогикалык кенешмеонлайн түрүндө өтүлүп, 3-маселе каралган:

-2020-2021- окуу жылына карата мугалимдердин окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүү жана бекитүү.

-Мектептин жылдык планын жана нормативдик, локальдык иш кагаздар менен тааныштыруу.

-Мугалимдердин кызматтык милдеттерин бекитүү жана эмгек келишимин түзүү.

КРнын ББИМнин 18-июнь 2020-жылдагы № 475/1 буйругу менен бекитилген жалпы билим берүүчү уюмдардын базистик окуу планынын негизинде мугалимдерге окуу жүктөмдөрү бөлүштүрүлгөн.
1-4 -класстарда жумалык окуу жүктөмү 91 саат, ал эми 5-8 чейинки класстарда 119 саат , жалпы окуу сааты 210 саат менен окутуу уюштурулду. Вакантта турган предметтер жок. Инклюзивдик окутуу жок. Мугалимдерге билим берүү программасы боюнча окуу жүктөмдөрү бөлүнгөн жана бекитилген.

Мектептин педагогикалык кенеш бекиткен жылдык планы жана учурдагы пландары, билим берүү максаттары, окутуунун натыйжалары аныкталган.

Мектепте билим берүү программаларынын мазмууну Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык ишке ашырылды. Жылдык пландын үстүндө иштөөшгө карата локальдык иш кагаздар толукталган . Тематикалык иштерге карата жоболор бардык мугалимдерге берилген. Мугалимдердин кызматтык милдеттери тааныштырылып, эмгек келишимдери бекитилген.

Дистанттык форматта окуу жылынын башталышы менен төмөндөгүдөй уюштуруу иштери жүргүзүлдү:
-окуучулар, ата-энелер, мектеп кызматкерлери үчүн сунушталган нускама каттар менен онлайн түрүндө тааныштыруу.
-сабактардын жүгүртмөсү тузулду.
-календардык пландар текшерилип бекитилди.
-убактылуу журналдар менен иштөө
-предметтер боюнча шыктуу жана окууну начар өздөштүргөн окуучулар боюнча маалымат базасы такталды.
-кружоктук иштерге окуучулар тартылып, тизмеси такталды.
-предметтик декадалардын план-графиги тааныштырылып бекитилди.
-предметтердин берилүү абалын көзөмөлдөөгө карата ички тескөө графиги бекитилди.
-окуучулардын иш дептерлери, жазуу иштери, күндөлүктөрү менен иштөө
-онлайн түрүндө сабактардын берилиши көзөмөлгө алынды.

Учурдагы кырдаалга байланыштуу аралыктан окутуудагы эн керектүү маалыматтар мугалимдерге онлайн сабактарды өтүүдө, кайтарым байланыштарды алууда жардам катары мектеп ичинде 9.09.2020-жылы практикалык семинар өтүлдү.Семинарда презентация жана слайд даярдоо үчүн шаблон көчүрүп алуу , даярдалган сабактарга үн коштоо программалары, мультиурок сайтында иштөө жана анын мумкунчулукторун пайдалануу, онлайн тест түзүү, Word программаларында иштөө багытында өтүлдү. Бул семинар мугалимдердин аралыктан иштөөсүнө бир топ женилдик берди.

Ар бир класска WhatsApp группалар ачылып телесабактардын жугуртмосу күн сайын салынып турду. Видео-сабактардын расписание боюнча берилиши УБЖ тарабынан күн сайын көзөмөлгө алынды. Мугалимдердин ишмердүүлүгү сабактарынын сапаты көзөмөлгө алынды.

КТПга дал келүүсү текшерилип турду. YouTube каналдарындагы видеосабактар дагы берилип жатты. Видеосабактарды сапаттуу жазоодо төмөнкү мугалимдердин Конокбаева Ч.Н.-башт.кл. мугалими, тарых,география мугалими Мамбетакунова Н.Б., кыргыз тили мугалими Зарлыкбекова М.Ж., математика мугалими Дуйшенова Н.Ж. ишмердүүлүктөрү жакшы деп белгиленди. Окуучулар менен кайтарым байланышка чыгуу абалына карата жума сайын мониторинг жүргүзүлдү. Баштапгыч класстардын окуучуларынын катышуусу 100%, ал эми 7-8-класстардын окуучуларынын сабакктарга толук катышуусу начар болуп жатты. Бул класстын класс жетекчилери ата-энелер менен байланышы колго алынды. Онлайн түрүндө иш жүргүзүүдө интернет байланышынын начарлыгы бир топ кыйынчылык жаратты. Окуучулардын уюлдук телефондорундагы мегабайттын жетишсиздигинен айрым сабактар өз убагында ачылбай жатты. Бул абалдан чыгуу үчүн видео,аудио чалуулар менен сабактарды тушундуруу иштери жүргүзүлүп турду. ZOOM аркылуу онлайн сабак өтүү, Гугл Классрум платформасында иштөө интернет начар болгондуктан өтүлгөн жок.

Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу иш планына карата ищ план кайрадан түзүлүп, 5 бөлүмдөн турат :

-уюштуруу иш чаралары

-педагогикалык кадрлар менен иштөө

-окуучулар менен иштөө

-ата-энелер менен иштөө

-билим сапатына көзөмөл.

Иш планга ылайык окуу жылынын башталышы менен төмөндөгүдөй уюштуруу иштери жүргүзүлдү:

Окуучулардын окуу китептери менен камсыздоо, жетишпеген окуу китептерин ата-энелердин көмөгү менен толуктоо иштери жүргүзүлдү. Учурда окуу китептери менен камсыз болуу пайызы 70.5 % түзөт. Окуу китебинин жетишсиздиги 7-8-9-класстарда катталды. Окуучуларга окуу китебиндеги материалдар ксерекс көчүрмөсү китепче түрүндө таратылды . Окуучулардын маалымат базасы такталып, социалдык группаларда категориялар боюнча класс жетекчилер тарабынан уюштуруу иштери жүргүзүлдү. Предметтик мугалимдерге маалымат беришти. Окуучулардын суранычы, кызыгуусу боюнча билим сапатын жогорулатууга карата кружоктук иштерге каттоо жүргүзүлдү. Кружоктук иштер боюнча берилген 0.25 ст тарых жана дене тарбия багытында 0.15 ст “Тогуз коргоол”, 0.1ст “шахмат” кружогу уюштурулду. Кружокко тартылган окуучулар 77,01 % түзөт.

Пед кадлар менен жүргүзүлгөн иштер:

Мугалимдердин билими пед стажы боюнча маалымат базасы такталды. Жаш

кадрга насаатчы мугалим бекитилди.Нормативдик, локалдык иш кагаздар толукталып мугалимдердин таанышуусу, өздөштүрүүсү сунушталды. Бардык предметтик мугалимдер окуу программасына ылайык КТПдары түзүлүп, метод кабинеттен берилген жазуу нормативдери такталды. . УБде текшерилип бекитилди. Мектепте окуучулардын билим сапаты, мугалимдердин ишмердүүлүгүн уюштурууга карата 2 усулдук бирикме жана методикалык кенеш тобу түзүлгөн. УБдин ишмердүүлүгүнүн негизги өзогүн сабактардын берилүү абалы, окуучулардын билим сапатын көзөмөлдөөгө багытталган. Усулдук бирикме жетекчилери тарабынан күн сайын онлайн-сабактардын расписание боюнча берилиши, КТПга дал келүүсү, окуучулардын сабактарга катышуусу, кайтарым байланыштын сапаты көзөмөлгө алынды. Окуучулардын билим сапатын жогрулатууга карата алгылыктуу иштер бар деп айтуудан алысбыз. Предметтер боюнча билим сапатты өз деңгээлинде кармап турууга карата гана аракеттер жазалды. Администрация тарабынан башталгыч класстардын окуучуларынын окуу техникасы текшерилди

| класс | Окуучулардын саны | Окуу нормасы 1-чейрек | Билим сапаты |
|---|---|---|---|
| 2 | 8 | 30сөз | 62.% |
| 3 | 8 | 50сөз | 75% |
| 4 | 9 | 70сөз | 33.3% |

4-класстын 6 окуучусу окуу нормасына жетишүүсү боюнча мугалим учурда иштеп жатат. Ошондой эле 5-8-чейинки класстарда математика , орус тили, кыргыз тили сабактарынан чейректик жазуу, текшерүү иштеринин жыйынтыгы боюнча иш дептерлери текшерилди.

| № | предмет | класс | Окуучу саны | Катышкан окуучу саны | 5 | 4 | 3 | 2 | Билим сапаты |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Орус тили | 4 | 9 | 6 | 1 | 2 | 1 | 2 | 48 |
| | | 5 | 5 | 5 | 1 | 2 | 1 | - | 80 |
| | | 6 | 6 | 6 | 2 | 1 | 3 | - | 48 |
| | | 7 | 6 | 6 | 1 | 1 | 2 | 2 | 32 |
| | | 8 | 11 | 8 | 1 | 4 | 1 | 2 | 62 |
| 2 | Математика | 5 | 6 | 6 | 1 | 1 | 4 | - | 33 |
| | | 6 | 6 | 6 | 1 | 3 | 2 | - | 66 |
| | | 7 | 6 | 6 | - | 2 | 4 | - | 33 |
| | | 8 | 11 | 8 | - | 4 | 7 | - | 36 |
| 3 | Кыргыз тили | 5 | 6 | 6 | 1 | 4 | 1 | - | 83 |
| | | 6 | 6 | 6 | 2 | 3 | 1 | - | 83 |
| | | 7 | 6 | 6 | 1 | 1 | 4 | - | 33 |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 8 | 11 | 8 | 3 | 3 | 5 | - | 54 |

Жазуу иштери, класстык журнал , КТП жана окуучулардын баалары текшерилди

Ошондой эле чейрек ичи предметтик декадалар кыргыз тили, дене тарбия, англис тили, орус тили предметтик декадалары бекитилген график боюнча өтүлдү. Декадалар боюнча буйруктар чыгарылып , иш пландары түзүлүп онлайн түрүндө өтүлдү. Англис тили декадасы өз денгээлинде өтүлбөгөндүктөн, кайрадан февраль айына өтүлүүсү сунушталды.

1- чейрек жыйынтыгы менен класстар жана предметтер боюнча билим сапатынын мониторинги жургузулду.

| чейрек | Окуучу саны | 2- кл | 3-кл | 4-кл | 5-кл | 6-кл | 7-кл | 8-кл | 9-кл | Жалпы билим сапат |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1-чейрек | 72 | | 37.5 % | 11.1 % | 33.3 % | 66,6 % | 16.6 % | 34,4 % | - | 32,6% |

Өткөн окуу жылына салыштырмалуу 4-, 7-класстарда билим сапат 20-30% төмөн түшүүсү белгиленди. Окуучулар орус тили, англис тили предметтеринен окуу программасын жакшы өздөштүрө алышкан эмес.

1-чейрек жыйынтыгы менен 72 окуучу аяктады. Алардын ичинен 0-2-класстардын 26 окуучусу аттестацияланган жок.Эн жакшы окуган окуучулардын саны -5, жакшы окуган окуучулардын саны-10, орто окуган окуучулар-31окуучу. Башталгыч класстардын билим сапаты-23,5%, 5-9 чейинки класстардын билим сапаты 37,9%. Жалпы мектептин билим сапаты -32,3% түздү.

Окуучулардын смартфон менен камсыз болуусуна токтолсок , онлайн окуу башталгандан бери ата-энелери тарабынан 36 окуучуга телефон алып беришти. Учурда 5-9-чейинки класстарда 29 окуучунун ичинен 2 окуучуда, ал эми башталгыч класстарда 1-классты кошпогондо 7 окуучуда өздүк уюлдук телефон жок. Ата-энелериникин пайдаланып окушту.

Башталгыч класстардын окуучуларынын тамактануусуна карата буфет уюштурулган.Учурда 1-класстын 8 окуучусу тамактанып жатат. Тамактануу республикалык бюджеттин эсебинен 7сом өлчөмүндө, (чай,кампот, булочка) түрүндө берилет. Тамактануу бурчу уюштурулган. Санитардык эрежелер сакталган.Жетишпеген инвентарлар боюнча айыл өкмөтүнө заявка берилген. Ай сайын ЧТБББнө отчет берилип турат.

Мектептин жылытуу системасы от жагуу мезгилине даяр. Суу трубалары, батереяларда жарылган жерлер жок. Суу насостору иштейт. 2019-жылы от жагуучу

кател жаны коюлган. Азыркы күндө 12 тонна көмүр түштү.Норма боюнча 27 тонна керектелет.

ЧТБББү тарабынан мектеп администрациясына муктаждыгы:

| 2-чейрекке карата пландаштырылган иштер | Чечүү жолдору |
|---|---|
| 1.Окуу программасын кайталоо иштери,Окуучулардын билим сапатын бекемдөө иштери жүргүзүлөт.<br>2.Мугалимдердин методикалык чеберчилигин өстүрүүнүн үстүндө иштөө | 1.Предметтер боюнча мугалимдердин иштөө сапатына көзөмөл.<br><br>2. Семинар-практикумдар, тренингдерге катышуусу |
| Планды реализациялоодогу кыйынчылыктар<br>1.техникалык каражаттардын жетишсиздиги.<br>2.Интернет байланышынын начарлыгы. | Спонсорлорго, жергиликтүү башкаруу уюмдарына кайрылуу . |

Директор Осмонакунова Н.Ы.